**Ханбийке Зара Ага Хандын**

БАУнун 2023-жылдагы бүтүрүүчүлөрүнүн салтанаттуу аземиндеги Куттуктоо сөзү жана Канцлердин кайрылуусу

Улуу Урматтуу Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министри Иманалиев Каныбек Капашевич;
Улуу Урматтуу Тажикстандын билим берүү жана илим министри Саидзода Рахим Хамро;
Урматтуу Нарын облусунун губернатору Алтынбек Эргешов;
Урматтуу Тоолуу-Бадахшан автономиялуу облусунун губернатору Мирзанабот Алишер Худоберди;
Урматтуу Камкорчулар Кеңешинин Төрагасы, доктор Шамш Кассим-Лакха жана Камкорчулар Кеңешинин мүчөлөрү;
Урматтуу Гуманитардык жана так илимдер Мектебинин деканы Максим Хомяков;
Урматтуу БАУнун окутуучулары жана кызматкерлери;
Урматтуу кең пейил донорлор, өнөктөштөр, ыктыярчылар жана дүйнө жүзүндөгү БАУнун достору;
Урматтуу ата-энелер жана үй-бүлө мүчөлөрү;
Ардактуу меймандар;
Ошондой эле кымбаттуу 2023-жылдын бүтүрүүчүлөрү;

Көргөндүн көз жоосун алып көңүлүн көтөргөн Тянь-Шань тоолорунун койнунда жайгашкан Нарын шаарында болуу мага зор ырахат тартуулайт. Мындан дагы чоң ырахатты тартуулай турган дагы бир көрүнүш – бул Нарын кампусундагы жана андан кем эмес керемет жерде жайгашкан БАУнун Хорог кампусундагы жаңы бүтүрүүчүлөрдүн алдында кайрадан чыгып куттуктоо сөзүн сүйлөө. Биздин эки кампусту ушундай түрдө өз ара байланыштыра алганыбыз бизге Борбордук Азия Университетинин миссиясынын негизги элементин эсибизге салат: чек аралар жана ар түрдүү чектөөлөр бөлүп турган адамдарды өз ара байланыштыруу.

Мындан 5 жыл мурун дал ушул 2023-жылдын бүтүрүүчүлөрү алгачкы жолу күлгүн кызыл жана сары түс менен айкалышкан бизди курчап турган жаркыраган имараттардын босогосун аттаган эле. Үй-бүлөнү алыска таштап, алыс жактагы университке аттануу – бул дайыма суроолорго, толкундоолорго жана күтүүлөргө толгон турмуштук тажрыйба. Бирок ошого карабастан бул жаш мырзалар жана айымдар үчүн өтө маанилүү мезгил баскычы болгон. Көпчүлүгү БАУга элет коомчулугунан жана чакан шаарлардан келген эле. Алардын басымдуу көпчүлүгү университеттин окутуу тили болгон англис тилинен кыйла айырмаланган башка тилдерде билим алышкан. Мындан сырткары алар Гуманитардык жана так илимдер Мектебинин болгону 3чү жолку кабыл алынган студенттери болгон, жана Мектептин али бүтүрүүчүлөр чыга элек болчу.

Кийинки 5 жылдык алар үчүн эмнелерди камдап койду экен? Алар окууну бүтүргөн соң мындан ары кандай жолдор менен кетишет? Мындай суроолор адаттагыга караганда дагы да жогору деңгээлдеги белгилүү болбогон жагдайлардан улам тынчсыздануулярды жараткан.

Бүгүнкү күндө 2023-жылдын бүтүрүүчүлөрү ал суроолорго жоопторду билишет. Урматтуу бүтүрүчүлөр! Бүтүрүүчүлөр, БАУда өткөргөн убактыңар интенсивдүү жана пайдалуу окуу менен өттү; интеллектуалдык ачылыш жана капыстан ишке ашыруу учурлары болду; аудиториядагы сабактардын алкагынан сырткары жаңы өзгөрүүлөргө алып келген интеллектуалдык тажрыйбалар болду. Алар ошондой эле глобалдык пандемия аркылуу да калыптанып, силердин жолуңарда жүрөктүн үшүн алган тоскоолдуктарды коюп, бирок чечкиндүү прогрессиңердин мизин майтарып токтото алган жок.

БАУдагы жашооңордо силер өмүр бою кала турган достук мамилелерди түзө алдыңар. Силер өзүңөрдүн ким экениңерди жана эмнеге жөндөмдүү экениңер тууралуу жаңы түшүнүктөргө ээ болдуңар. Ошону менен бирге талыкпай аракет кылдыңар жана ийгиликсиздикке да дуушар болдуңар, бирок кайрадан тырышып аракет жасадыңар жана ийгиликтерге жетиштиңер, өзүңөрдү ишенимдин шамалы силердин парустарды үйлөп алга сүрөп турганын жана жаңы сыноолор менен турмуш сабактарына түртүп жатканын сездиңер.

Силер өзүңөрдөн мурун университетти аяктагандардын, тактап айтканда, 2021- жана 2022-жылдагы бүтүрүүчүлөрдүн белгилүү окуу жайларына тапшырганын, алдыңкы уюмдарда жоопту кызматтарды ээлегенин жана өзүлөрүнүн ишканаларын ачып жатканын көрдүңөр. Эми силер алардын кадамдары менен бара жатасыңар. Алар менен бирге силер дагы БАУнун салттарын аныктап жатасыңар. Ондогон жылдар өтүп бул Университет өзүнүн масштабы жана таасири жагынан бир кыйла өсөт да, силер: “мен дагы ушул өсүштүн башында турган болчумун, мен өзүм учуп чыгып жаткан билим уямдын ийгиликтерининин пайдубалын түптөөчүлөрдүн биримин” - деп айта аласыңар. Ошондой эле: “Мен алган билимим менен өзүм да оюмда элестете албаган изи кайтпаган ийгиликтерге жетише алдым” - дейсиңер.

Албетте, 2023-жылдагы бүтүрүүчүлөрдүн чыгышы өзүнүн туу чокусуна сырттан берилген колдоо болбосо жете албайт болчу. Жалпысынан БАУ тууралуу айтсак да ушундай. Биз өзүбүздүн окутуучуларыбыз менен кызматкерлерибизге да терең ыраазычылык айтууга тийишпиз. Анткени алар бүтүрүүчүлөрдүн кызыгуусун ойгото алышты жана алардын билимге болгон суусаган талабына түрткү бере алышты. Биз жүрөктөрү сыймыкка толуп турган бүтүрүүчүлөрдүн ата-энелерине жана үй-бүлө мүчөлөрүнө да чын дилден чыккан ыраазычылык билдиришибиз керек. Ошондой эле биздин донорлорго, өнөктөштөргө жана ыктыярчыларыбызга да өзгөчө ыраазычылык билдирүүгө милдеттүүбүз. Алардын кең пейилдүүлүгү жана колдоосу болбосо Борбордук Азия Университети дүйнө жүзүнө ушундай таланттуу мырзаларды жана айымдарды чыгара алмак эмес.

Акырында, өтө маанилүүсү – биз БАУну негиздөөчү-мамлекеттердин өкмөттөрүнө университеттин ийгиликтерине кошкон зор салымы үчүн терең ыраазычылык билдирүүгө тийишпиз. Эгерде университет бүгүнкү күндө гүлдөп өркүндөп жаткан болсо, анда бул да болсо аталган өкмөттөрдөгү биздин өнөктөштөрүбүздүн анын өсүшүнө жана өнүгүшүнө ылайыктуу шарт катары телегейи тегиз ыңгайлуу чөйрөнү түзүп бергенине байланыштуу.

Урматтуу айымдар жана мырзалар!

Мен сиздер менен бүгүнкү даңазалуу күнгө байланышкан өзүмдүн ойлорумду жана сезимдеримди бөлүштүм. Азыр мен сиздерге университеттин Канцлери Улуу даражалуу Ага Хандын кайрылуусун окуп бермекчимин.

***Канцлердин кайрылуусу:***
Урматтуу 2023-жылдын бүтүрүүчүлөрү, камкорчулар, ардактуу меймандар, окутуучулар жана кызматкерлер, достор жана тилектештер!
Жыйырмы жылдай мурда Борбордук Азия Университети жөн гана идея болчу. Бул идея өзгөчө, ал гана эмес кайталангыс идея болчу. Анткени ал өз ичине тоодо жайгашкан жана тоолуу аймактардагы коомчулуктун өнүгүшүнө арналган бир нече өлкөдөгү, бир нече университеттик кампустары бар агартуу жайларын камтып турган болчу. Ал жан дили менен берилген тарапкерлерди жана тилектештерди өзүнө тарта алды. Университеттин эң мыкты түпкү негизи - Колдоочулары болгон Кыргыз Республикасынын, Тажикстандын жана Казакстандын Президенттеринин колдоо көрсөткөндөрүндө болду. Булардын баары жаркын келечектен кабар берген зор активдер. Бирок ошого карабастан идеядан реалдуулукка карай кеткен жол жаңы гана башталган эле.

2023-жылдын бүтүрүүчүлөрүнүн салтанаты бизге өткөн жылдары биз канчалык алдыга кеткенибизди жана канчалык көп жетишкендиктерге жеткенибизди билдирет.

2006-жылы Борбордук Азия Университети Профессионалдык жана үзгүлтүксүз билим берүү Мектебин ишке киргизип, бүтүндөй аймактардагы адамдарга баалуу көндүмдөргө ээ болууга мүмкүнчүлүктөрдү түзүп берүү максатын көздөдү. Андан бери 220 000 адам, анын ичинде тең жарымы айымдардан турган угуучулар ширетүү иштеринен баштап бухгалтердик эсеп-кысап жана киберкоопсуздукка чейинки көптөгөн предметтер боюнча окуудан өтүштү.

2011-жылы биз Борбор Азиянын келечеги үчүн маанилүү болгон изилдөөлөрдү жүргүзүүдөгү маселелер жаатында мамлекеттик, менчик жана жарандык коомдун институттарынын потенциалын өстүрүү максатында Өнүктүрүү боюнча Жогорку Мектебин түздүк. Бүгүнкү күндө климаттын өзгөрүшү аймактар үчүн олуттуу коркунучту жаратып жаткан кырдаалда, аталган Мектеп кургактыкка чыдамдуу маданий өсүмдүктөрдү иликтөөнүн, көчкү жүрүү кооптуулугун изилдөөнүн, туруктуу инфраструктуранын өнүгүшүн колдоонун, ден соолук үчүн климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттерин окуп үйрөнүүнүн, көйгөйлөрдү чечүүнүн жолдорун табууга коомдук уюмдарды тартуунун үстүндө иш алып барып жатат.

2016- жана 2017-жылдары биз алгачкы кампустарыбызды өлкөлөрдүн борбор шаарларында эмес, университеттин миссиясына ылайык ал кампустар позитивдүү таасирге ээ боло ала турган өлкөнүн алыскы аймактарында ачтык. Бүгүн биз келечекте күтүлгөн көптөгөн бүтүрүүчүлөрдүн салтанаттарынын бирин жана алардын ичинен үчүнчүсүн белгилеп жатабыз. Борбордук Азия Университетинин тарыхы адамдардын үйдөгү жана чет жердеги жашоосунун сапатын жакшыртуунун үстүндө ар түрдүү адамдардын башын кошкон биргелешкен иштеринде бийик идеалдар жана кайраттуу амбициялар дем-күч берип шыктандыра ала турганын көрсөтүп жатат.

Урматтуу бүтүрүүчүлөр, Борбордук Азия жана дүйнө көптөгөн көйгөйлөргө туш болууда. Жасалма интеллекттин кубаттуу жаңы формалары адамзат менен технологиялардын ортосундагы мамилелерди кайрадан аныктап жатат. Климаттын өзгөрүшү адамзат менен курчап турган чөйрөнүн ортосундагы мамилени өзгөртүп жатат. Ааламдашуу коомчулуктар менен өлкөлөрдүн арасындагы мамилелерди трансформациялап жатат. Анткени идеялар, товарлар жана адамдар дүйнөнүн бир тарабынан экинчи бир тарабына үзгүлтүксүз агылып кетип жатат.

Силердин алган билимиңер силерди ушул көйгөйлүү маселелерди чечүүгө даярдады. Жашоонун эң маанилүү тармактары болгон – компьютер илимдери, курчап турган чөйрө илимдери, экономика жана коммуникация боюнча окуулардан өттүңөр. Силер ар түрдүүлүктөгү коомчулуктарда жашоо эмне экенин биле алдыңар. Баарынан мурун, замандын чакырыктарынан коркпош керек экенин жана аларды кабыл ала билүү зарыл экенин биле алдыңар.

Менин көз алдымда силер келечекти камтыган адамдарды туюндуруп турасыңар: кызматташуунун жаңыча жолдоруна, баарлашууга жана ой жүгүртүүгө даяр жаңы муундун келечеги, ошондой эле өз өлкөңөргө кызмат кылуу үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү издеп табууга умтула турган жана пайда болгон көйгөйлөргө кыраакылык менен көңүл бура турган жаңы университетти түзүү келечеги.

Борбордук Азия Университети жаңы гана калыптана баштаганда төрөлгөнсүңөр, университет сыяктуу эле силер дагы жашсыңар. Силер учуп чыккан билим уясы сыяктуу эле силерди да жаркын келечек күтүп жатат. Мен силер дагы, университет дагы экөөңөр тең болгон күч-кубатыңарды жана дем-күч, эргүүлөрүңөрдү көптөгөн ондогон-ондогон жылдар бою бири-бириңер үчүн арнай берүүңөргө тилектешмин.

Рахмат!